Кыргызымдын айымдары

Гүлгө окшош кызыл тазыл жайындагы
Гүлдөй жайнайт кыргызымдын айымдары
Чырымтал келишимдүү татынакай
Мейли шаар мейли жайлоо айылдабы

Булактын шыңгырындай күлкүлөрү
Дабышы шуудураган таңкы желдей
Уз чебер, ырчы, бийчи, окутуучу
Дүйнөсү чалкып жаткан Ысык-Көлдөй

Сулуусуңар айымдар, сулуусуңар
Суктандырып каратат турушуңар
Ар бириң жаздын назик гүлүсүңөр
Жаркырап акак мончок шурусуңар

Нур төгүп бийиктиктен келесиңер
Жапжашыл силер келген белесиңер
Урпактын санын улап кылымдарга
Ажарлуу ак элечек энесиңер.